**УДК: 101.1:316.7(575.2)(04)**

# ААЛАМДАШУУ: МАДАНИЙ УНИВЕРСАЛИЗМ ЖАНА ӨЗҮН-ӨЗҮ АНЫКТОО МАСЕЛЕСИ

***Тагайбекова Алина Абдыжалиловна,*** КР УИАнын А. А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун Социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн илимий кызматкери, эл.дареги**:** angel_lina.94@mail.ru, байланыш ном.:+996(703)060594

**Аннотация:** Бул макалада ааламдашуу процесси жана маданий универсализм маселелери талданып, анын маданиятка, руханий өнүгүүгө тийгизген таасири анализге алынды. Ошондой эле, ааламдашуунун таасиринен улам бүгүнкү күндөгү Кыргызстанда болуп жаткан маданий өзгөрүүлөрдү изилдөөгө жана бул шарттарда өзүн-өзү аңдоо жана заманбап дүйнөдө өзүнүн ордун, өнүгүү жолун табуу маселеси коюлду. Себеби ааламдашуу процессинен улам адамдардын ишмердүүлүгү, маданият баалуулуктары жана коом бир нуктан экинчи бир нукка тез аранын ичинде өзгөрүүгө туш болууда. Бул процесстен улам ар бир улутту өзгөчөлөнтүп турган баалуулуктарды унуттуруп, маданияттардын жана жалпы адамзаттын келечеги үчүн коркунуч туудуруп жаткандыгын окумуштуулар белгилеп кеттүүдө. Ошондукан бул процесстин жалпы дүйнөгө жана мамлекетибизге, маданиятыбызга тийгизген таасири бизди ойлонтпой койбойт. Демек, ааламдашуунун коомго тийгизген таасирин анализдөө үчүн эң алгач бул процесстин оң жана терс көрүнүштөрүн жана маданияттыбыздын өзгөчөлүктөрүн изилдеп чыгышыбыз шарт.

**Ачкыч сөздөр:** ааламдашуу, универсализм, маданий унверсализм, маданият, аң сезим, маданий диффузионизм, маданий баалуулук, өзүн-өзү аныктоо.

# ГЛОБАЛИЗАЦИЯ: КУЛЬТУРНЫЙ УНИВЕРСАЛИЗМ И ПРОБЛЕМЫ САМООПРЕДЕЛЕНИЯ

***Тагайбекова Алина Абдыжалиловна,*** научный сотрудник отдела Социальной философии, эстетики и этики Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР, эл.почта**:** angel_lina.94@mail.ru, тел.:+996(703)060594

**Аннотация:** В статье проанализирован процесс глобализации и культурного универсализма, а также ее влияние на культуру и духовное развитие. Также из-за влияния глобализации на развитие и совершенствование культуры сегодняшнего Кыргызстана и была поставлена проблема самосознания и поиска своего места в современном мире, пути развития. Из-за процесса глобализации человеческая деятельность, культурные ценности и общество быстро меняются с одного направления на другое. Исследователи отмечают, что этот процесс угрожает будущему культур и человечества в целом, забывая о ценностях, которыми отличается каждая нация. Поэтому мы обеспокоены влиянием этого процесса на

мир, нашу страну и нашу культуру. Следовательно, чтобы проанализировать влияние глобализации на общество, мы должны сначала изучить положительные и отрицательные стороны этого процесса и особенности нашей культуры.

**Ключевые слова:** глобализация, универсализм, культурный универсализм, культура, сознание, культурный диффузионизм, культурные ценности, самоопределение.

## GLOBALIZATION: CULTURAL UNIVERSALISM AND THE PROBLEMS OF SELF-DETERMINATION

***Tagaibekova Alina Abdyzhalilovna,*** scientific employee at the department of Social philosophy, aesthetics and ethics Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev in NAS KR, e-mail: angel_lina.94@mail.ru, phone num.:+996(703)060594

**Annotation*:*** The article analyzes the process of globalization and cultural universalism, as well as its influence on culture and spiritual development. Also, due to the influence of globalization on the development and improvement of the culture of today's Kyrgyzstan, and the problem of self-awareness and the search for their place in the modern world, the path of development was posed. Due to the process of globalization, human activities, cultural values and society are rapidly changing from one direction to another. The researchers note that this process threatens the future of cultures and humanity as a whole, forgetting about the values that each nation differs. Therefore, we are concerned about the impact of this process on the world, our country and our culture. Therefore, in order to analyze the impact of globalization on society, we must first study the positive and negative aspects of this process and the characteristics of our culture.
***Keywords:*** globalization, universalism, cultural universalism, culture, consciousness, cultural diffusionism, cultural values, self-determination.

“Ааламдашуу” түшүнүгүн түшүндүрүү үчүн маданият изилдөөчүлөр “универсализация” терминин колдонуп келишүүдө. Анткени, ааламдашуу дүйнөдөгү жашоо турмуштун универсалдык стереотиптеринин күчөшүн чагылдырат, адамзат баалулуктары универсализацияга, башкача айтканда жалпы маданий баалуулактарга туш болорун божомолдойт. Философия илимдеринин доктору, профессор Саралаев Н. К. айткандай бул процесс баардык коомдун бөлүктөрүнө таасирин тийгизип кеңейүүдө жана өзгөртпөгөн, глобалдуу деп каралбаган бирда маселе жок. Бүгүнкү күндө өзгөрүп жаткан баардык кубулуштарды ааламдашуу процесси менен түшүндүрүп калышты [1, с. 338] – дейт.

Универсализм (латынчадан которгондо “universalis” - баарына жалпы) - бул жалпы түшүнүк, көп предметтердин маңызы, кубулушу эмес, тескерисинче көп маңыздуулук бир предметте же процессте болушу. Мындай касиет предметтин же кубулуштун көп түрдүлүгү менен мүнөздөлөт. Мисал катары адамдын көп багыттуу билим алышын айтсак болот. Ал эми, И. Н. Ионов универсализм терминин цивилизациялык аң-сезим түшүнүгүнө мүнөздөмө бериш үчүн колдонот. Бул түшүнүк менен ал көп тармактуулукту жана өздүк, өзгөлүк цивилизациянын бар экендигин түшүндүрөт [2].

Аталган терминди эң алгач орто кылым философиясында колдоно башташкан. Тарыхта бул түшүнүктү эллиндик маданиятта диний башталышты, унверсалдуу монотеизмди жана акыл-эстин, сөздүн универсалдуу принцибин түшүндүрүү үчүн колдонулган. Кийин унверсалдуулук динден алыстап, маданияттагы жалпы процессти түшүндүрүү үчүн колдонула баштады.

XX кылымдын 80-жылдарынын аягынан баштап маданий универсализация көбүнчө ааламдашуу аркылуу мүнөздөлүп келүүдө. Анткени, ааламдашуу баарына жалпы, универсалдуу болгон баалуулуктарды жайылтууда. Унверсализация процесси адамзаттын

ишмердүүлүгүнүн баардык тармагында өзүн өнүктүрүүдө - экономика, саясат, илим, искусство, спорт, туризм жана башка багыттар да стандартташууга туш болууда. Бир дагы маданият, коомдук уюмдар жана этникалык группалар бул процесстен четте калбайт, анткени жалпы адамзатты жалпы бир системага келтирүү максатында универсализация эң негизинен аң сезимдин бурулушуна басым жасайт.

Универсализмдин негизги маселелери адамдар, мамлекеттер жана маданияттар арасындагы карым катнашты кеңейтүү, бүткүл дүйнөнү универсализациялоо жана бир жактуу саясий-экономикалык, социалдык маданиятты түзүү, улуттар арасы чек араны ачуу болуп эсептелет. Башкы маңызы массалык маданиятты, аң сезимди түзүүдө жатат. Универсализм маселесин көбүнчө маданиятта колдонулуп келүүдө, анткени маданият – адамдын экинчи табияты дегендей, жалпы адамзат дүйнөсү маданият аркылуу өзүн чагылдырат деп эсептешет.

Маданий универсализм – салттуу илимий түшүнүктөрдүн бирин чагылдырып, маданият таануу, философия, социология, маданият философиясында, ошондой эле биринчи кезекте маданий динамика процессин анализдөөгө колдонулган. Ал эми универсалдуу маданият башка бирөөнүн маданиятын өздүк кылуу, өздөштүрүү, сиңирүү процесстери аркылуу түзүлөт. Мындан улам маданиятта маданий диффузионизм түшүнүгү келип чыгат. Маданий диффузионизм башка маданий баалуулуктарды өз маданиятыңа ылайыкташтырып, өздөштүрүп алуу же колдону дегенди түшүндүрөт. Диффузионизмдин оң жана терс жактары бар. Бир жагынан ал элдердин бири-бири менен баарлашуусуна, жакындан таанышуусуна жол ачса, экинчи жагынан башка идеяларды ашыкча өзүнө алуу процесси ар бир маданияттын өзгөчөлүгүн, баалуулугун, оригиналдуулугун жоготууга алып барат. Бирдей маданият образын же стандарттарын бүтүндөй дүйнөгө жайылтуу жөнүндө сөз кылганда заманбап маданиятын универсализациялоо маселеси келип чыгат. Албетте, башында кандай болсо, ошондой абалда өзгөрбөгөн, таза бир маданиятты атап айтыш кыйын. Кээ бирлери жоголуп кетсе, башкалары замандын өзгөрүшү, убакыттын өтүшү менен жаңы бир маданий типке алмашып жашап келишүүдө. Азыркы убака чейин жеткен маданияттар бир маданияттын үлгүсү эмес, башка маданияттар менен жуурулушуп, ал жактан өзүнө жакын болгон элементтерди өзүнө кабыл алып, азыркы күнгө жеткен маданияттар аз эмес. Башка маданияттын көрүнүштөрүн түздөн түз өзүнө кабыл алуу жакшы иш эмес, бирок аны синтездеп, өз маданиятыңа ыңгайлаштырып алуу баарынын эле колунан келе бербейт. Мындай нерсени көтөрө билиш үчүн маданият күчтүү, ич-ара бекем болуш керек.

Еврейлик экзистенциалист, философ Мартин Бубер "Маданиятта маданий универсализм – бул адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилесин, маданиятын жалпылыгын жана текшилигин түшүндүрүү үчүн колдонулган түшүнүк. Маданият өзү унверсалдуу кубулуш. Адам дүйнөнү өзүнүкү кылат жана аны адамзатынын болумуна айлантат " – дейт [3, с. 61, 82, 94]. Бирок, универсалдык баалуулуктар кандай болсо да улуттук руханий баалуулуктарды жокко чыгара албайт. Мисалы, World Values Surveyдин 65 мамлекет катышкан изилдөөсү боюнча 75% дүйнөнүн калктары ааламдашууга карабастан улуттук негизги баалуулуктарынын сакталып каларын айтышкан. Ааламдашуунун жана модерндешүүнүн таасиринин астында өзгөргөн салттык баалуулуктар кайра калыбына келиши мүмкүн деп божомолдошот [4].

Дж. Грей жогоруда айтылган ааламдашуу алып келе турган жыйынтыка кошулбай, 90-жылдарда жарыка чыгарган "The False Dawn" деген 1998-жылы Нью-Йоркто жарык көргөн китебинде рынок эркиндиги менен демократиянын карама-каршылыктуулугу жана бири-бири менен сыйышпастыгы жөнүндө сөз кылат. Бул эмгегинде Грей "ааламдашуу ар кандай мамлекеттерди унификациялоого жана аларды бирдиктүү рынок экономикасына биригүүгө алып келбейт, тескерисинче көп тармактуу өнүгүүгө, мамлекеттер арасы айырмачылыктын жогорулашына жана конфликтке алып келет" [5, с.29], деп чечкиндүү айтат. Дж. Грейдин айтуусу боюнча, "ааламдашуунун азыркы этаптагы тенденциясы жеке нерсеге бүтүндөй багынып берүүнү, көз каранды болууну жана дагы негизинен жалпылыка

жана бирдиктүлүктү баш ийбеген жаңы универсализмди түзөт”-дейт. Тактап айтканда, бардык маданияттар бир унверсалдуу маданиятка баш ийбей, бир мамлекеттин эле ичинде башка маданияттардын болушун билдирет. Демек, универсализм түшүнүк катары да, процесс катары да дагы өнүгүүгө ээ болот. Бирок, башта пландалгандай универсалдуу, жалпы маданиятты түзүүнүн негизинде өнүкпөстөн, өз нугун өзгөртөт. Себеби, изилденип жаткан көрүнүш өзүнө бир гана доорду камтыбастан, бүгүнкү күндү жана бир канча мезгил менен байланыштуу болгондугунда. Бул процесс азыркы күндө деле жүрүп жатат жана көпчүлүк учурлард аягына чыга элек. Муну эске алуу менен бул процесс дагы деле уланып жатат жана көпчүлүк булактарды алуу мүмкүн эмес. Анткени, көпчүлүгү ачыка чыга элек жана бул маселедагыда изилденүүдө. Ааламдашуу процесси жөнүндө айтылган ар кандай пикирлерге карабастан, бул процесс өнүгүшүн улантууда, ошондой эле натыйжасы болуп бүтүндөй дүйнө өзгөрүүсүн улантууда. Ушул себептен улам биз бул процесс доорубузду кандай абалга алып келерин айта албашыбыз чындык, болжолдоолор менен гана чектелебиз.

Албетте, ааламдашуунун алып келген натыйжасы окумуштулар ойлогондой бирдиктүү дүйнөгө алып келбеши мүмкүн, анткени бул жөн гана гипотезалар. Ааламдашуунун натыйжасы, Грей айткандай, конфликтке, башаламандыкка жана ушул сыяктуу терс кубулуштарда болушу мүмкүн. Себеби, күнүбүздө ар кандай уюмдар ааламдашуунун тийгизген терс таасирлерине каршы ар кандай программаларды иштеп чыгуу үчүн аракет кылып жатышат жана өз маданияттын сактап калуу үчүн бир канча иш-чараларды уюштуруп, өзүнүн өздүгүн сактоо максатында тарыхка кайрылып, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүдө.

Ал эми Кыргызстанда бул маселени чечүү үчүн өз улуттук маданиятын сактап калуу, улуттук коопсуздугун жана эгемендүүлүгүн камсыз кылуу максатында ар кандай иш чараларды өткөрүүдө. Мисалы, 2015-жылы өткөрүлгөн “Көчмөндөр оюну”, расмий докменттерди кыргыз тилине которуу сыяктуу иш-чараларды келтирсек болот.

Бүгүнкү күндө, Кыргызстандын негизги максаты болуп улуттук коопсуздугун камсыз кылуу жана мамлекеттин, коомдун ичиндеги кризистин өнүгүшүнө жол бербөө, ошондой эле өткөөл мезгилдин татаал кырдаалынан чыгуу үчүн өбөлгөлөрдү түзүүп берүү, өлкөнүн сактап калуу эсептелет. Мындай оор кырдаалдан өткөндө гана саясий жана экономикалык реформа жасоого болот.

## Корутунду

Жыйынтыктап айтканда ааламдашуу доорунда кээ бир баалуулуктардын, касиеттердин мааниси төмөндөдү. Ушул себептен, кайрадан өз маданиятыбызга жана элибиздин ой жүгүртүү тарыхына кайрылып, кыргыз элинин өздүк маданиятын кайрадан изилдеп чыгуу элдик рухтун жаңылануусуна алып келет деп ишенем. Себеби, мындай жашоо образы улуттук өзгөчөлүктү жок кылат деп айткан ойчулдар болушу мүмкүн, бирок мен мындай пикирлерден четтеп ааламдашуунун мындай көрүнүшү биздин этникалык жана эгемендүүлүгүбүздү жок кылбайт, жөн гана бизди аларга жакындатат деген ойдомун. Ал эми тил, маданият, улуттук баалуулуктар жоюлат жана өнүккөн мамлекеттер үстөмдүк кылат деген жөн гана дагы бир мамлекеттин чыгарган саясаты карата кабыл алам. Анткени, “ааламдашуунун кемчилиги бул кубулуштарды мүнөздөө менен гана тим болот. Ааламдашуу процессинин маңызына кирбейт жана толук түрдө оң жана терс натыйжасын анализдеп бербейт” [6, с. 345-346].

Бүгүнкү күндө, Кыргызстан дүйнөлүк уюмдарга кирүү менен бул процессти кабыл алып, өз келечегин ааламдашуунун негизинде түзүдөө. Мындай көрүнүштүү ааламдашуу процессинин маселелерин чечүү үчүн Кыргызстан жол катары кабыл алышы мүмкүн. Себеби, бул процессге кирбей коюугада болбойт.

Ал эми бул көйгөй Кыргызстан үчүн таптакыр жаңы жана күтүлбөгөн нерсе эмес. Анткени, кыргыз эли биздин заманга чейин эле башка элден келген идеяларды синтезин жүргүзүүп, өзүнө керектүүсүн алып келген. Бүгүнкү күндө да ааламдашуунун жакшы жагын

алып, улуттук иденттүүлүк өнүктүрүп, дагыда өз жашоосун уланта бөрүүсүнө ишенем. Ал эми, мындай кырдаалдан чыгуу үчүн кыргыздардын башын бириктире турган бекем бир идеология жана күчтүү бир жолбашчы керек.

**Адабият**


1. Саралаев Н. К., Асеинов М. А. Динамика глобальных проблем в условиях глобализации //Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова. – 2014. – №. 32-2. – С. 338-343.
2. Ионов И. Н., Цивилизационное сознание и историческое знание. – М.: Наука, 2007. -499 с.
3. Бубер М., Я и ты. М //Высшая школа. – 1993. – Т. 175
4. Гемават П. Мир 3.0: Глобальная интеграция без барьеров //М.: Альпина паблишер.-2013. -Т. 213
5. Розин В.М. Культурология: Учебник для вузов.- 2-е изд., перераб. и доп.- М.: Гардарики, 2004.- С. 345-346.
6. А.Акунов, Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017). / И.Раззаков атындагы КМТУ; – Б.: “Текник” ББ, 2017. -594б., табл., сүрөттөр, карталар. 37,12 басма табак. ISBN 978-9967-467-69-9 (А.Акунов, Кыргызстан в эпоху суверенитета (1991-2017). / КГТУ им. И.Раззакова; – Б.: “Текник” ББ, 2017. –с.594., табл., фото, карты. 37,12 п.л. ISBN 978-9967-467-69-9).
7. Коллонтай В. Эволюция западных концепций глобализации. //Мировая экономика и международные отношения, №1, - 2002.